Кырг
А 15

Кадырбек Аблабеков

# АСКЕРДЕГИ ТОЛГОНУУ

Бекмамат Аргымбаев

# ЧЫЙЫР

Кадырбек Аблабеков
Бекмамат Аргымбаев

# АСКЕРДЕГИ ТОЛГОНУУ
# ЧЫЙЫР

Ырлар

Бишкек -2018

## ЖҮРЧҮ ПЕРИМ

Тосксолдуктар буттан чалып жүдөттү,
Алсырадык, аздык, далай күн өттү.
Кел Периштем майдаланбай эми биз,
Улуу күнгө түрүнөлү билекти.

Бирибизге арман бербес бололу,
Азаптардын калбасынчы жан-алы.
Бакыт кушу башыбызда айланбай,
Бутубузга тийип турсун канаты.

Азап эмес алп тоолордон ашалы,
Азабы көп, арман, жалган жашоону.
Тажадык эх, таштап салып кетели,
Түбөлүктүн төрүн көздөй басалы.

Жүрчү Перим бийиктерге кетели,
Көз жашы көп булуттардан өтөлү.
Күндүз Күндүн үстүн басып ойносок,
А түнкүсүн Ай жазданып жаталы.

## КАТ

Сүрөтүң алдым, кат менен кошуп жиберген,
Санааркап бир аз, азыпсың Перим гүл өңдөн.
Канчалык азап, түйшүккө чыдап күтө алсаң,
Ханышам сени ансайын күчөп сүйөм мен.

Катыңды ачып, тиктедим көпкө телефон,
Сагыныч жазып, кубанттың мени берекем.
Көзүңдүн нурун күттүрүп көпкө түгөтпөй,
Жообумду кайра интернеттен жөнөтөм.

Катыңда Перим келечек күндү жазыпсың,
Ал күнүм үчүн сен эле сулуум жарыксың.
Ошол күндөрдө бакыттын даамын сезүүгө,
Чыдайлы аккуум жолдун да сезбей алысын.
Ойлорум сен деп оргуштап ээ-жаа бербестен,
Кыялым учат, учактар менен үндөшкөн.
Кубанычымдан телефонумду колдогу,
Сүйүп да кеттим ак жүзүң мага көргөзгөн.

Улуу бир сүйүүм кат менен барсын жооп болуп,
Асманда булут айдап бир барсын коштолуп.
Сагыныч жообум саргайгандарын өчүрсүн,
Жообумду сенин кусалуу эки көз көрүп.

## СҮРӨТ

Жылмайган сүрөтүндү караганда,
Жүрөктө бир дүрбөлөң боло түшөт.
Сыртымдан сыр билгизбей жан адамга,
Эч нерсе болбогондой каранам да.
Кайрадан сүйкүм жүзүң көргүм келип,
Кайрадан сүрөтүңө кадалам да.

Бир плюс, а бир жагы минус болгон,
Кадимки электрдин тогу сымал.
Сүрөтүң телефондо күлүп турган,
Жүрөктө элесиңе дал келгенде,
Ушинтип бир силкинет бүтүн дене.
Бул сезим жагат мага ошондуктан,
Ашыгам кайра баштан караганга.

Саргайып сагынычтан куурап жаткан,
Ичтеги сезимдерге жан киргендей.
Сүйүүнү тамыр каны айландырат,
Махабат козголот да көкүрөктө.
Саргайган санааларды ойрон кылат,
Сүрөтүң күлүп түшкөн телефондо,
Ар күнү бүт денемди жандандырат.

## КОШТОШУУ

Алыска сапар алдым, сапарым учак менен,
Алыстап сенден улам, бийиктеп учат денем.
Көп мезгил көрбөгөнгө, ыза, муң жүрөгүмдү,
Кескилеп, бырчалады, кескендей бычак менен.

Сен мендик болгонуңа, бактыма ыраазымын,
Сендейден ажыраткан тагдырга ызаалуумун.
Бийиктеп учкан сайын, жер менен сен алыстап,
Төмөндөп бар бакытым, бийиктейт ыза-муңум.

Ханышам мейличи эми ишенем келээриме,
Үмүттүү мени күткөн көзүңдү көрөөрүмө.
Кубаныч артып алып, боорума тартып алып,
Ишенем бир кездерде кучактап өбөөрүмө.

## САГЫНЫЧ

Алыстасың жакыным, жүрөктөшүм,
Кабар берип айта албай жүрөк сөзүн.
Жүрөктөшүм санаалаш түгөйүмсүң,
Ошондуктан азабым билет дедим.

Билсең сулуум, сулуунун улугусуң,
Мен жетпеген асмандын тунугусуң.
Ак кызматтан качсам да жетким келет,
Аппак пери бир сендей сулуум үчүн.

Барат күндө көрүүгө арга калбай,
Корком, корком каламбы кармана албай.
Качып барып аскерден сага жетсем,
Сыяктанам Ай, Күндү кармагандай.

***

Мен чоңойгон жайлоодогу тоо бетин,
Жарып чыккан булактайсың оо перим.
Анткен себеп ыйлаак, жашык сүйүүдө,
Жүрөгүм тоо, а сен тапкан тоо төрүн.

Таңда чыккан улуу Күндүн нурусуң,
Ааламдагы сулуулуктун сырысың.
Акыретке Аллах өзү жараткан,
Жалгандагы Үр кызынын бирисиң.

Сен Перисиң сагынычым толтурган,
Мен жоокермин түн күзөттө олтурган.
Сен булутсуң асман кезип ойногон,
Мен тоолормун сага жетпей кол сунган.

## КЕЧИРЧИ

Жаштык кылып, таарынышып көп ирээт,
Ортобузда пайда болот аралык.
Адам деген көп жаңылат көрүнөт,
Мен да алардай калгам кемтик жаралып.

Жаңылабыз, жаңырабыз кайрадан,
Бул формула кайталант күн сайын.
Бул ааламда жаңылышпас барбы адам?
Болсо анын катарында чуркайын.

Кечир Перим, жаңылышып таарынттым,
Дагы канча жаңылышам ким билет,
Анын баарын жеңе билсек жаш ак куум,
Сенден башка ким деп согот бул жүрөк?

Таарынычтан кайгы сени чырмаса,
Эх Периштем, ак ханышам таарынган.
Эзелкини эстеп көрсөк бул жашоо,
Адам ата жаралгандан жаңылган.

Жаңылыштык боло берет жашоодо,
Маанилүүсү жеңе билүү адамга.
Пайда берет, жарык чачат жашоого,
Ал андыктан кечиримим берем де.

Бул жашоонун жаңылышма мыйзамы,
Ар бир күндөн кем эместей катары.
Келе берет кайталанма бул жагы,
Маанилүүсү - кайталабоо катаны.

## СҮЙҮҮ БАЯНЫ

Жактырам деп кабар айтып сүйүүдөн,
Айланчыктап алыс кетпей үйүңдөн.
Белек берип чуркап жүрүп артыңдан,
Ай айланып анан жообуң билинген.

Азап менен жашытпайм деп ант берип,
Ар күн сайын түркүн белек алпкелип.
Жан дүйнөнү чырмаштыра байладык,
Болобуз деп түбөлүккө жан шерик.

Турмуш суугу бизди четке какса да,
Бирибизге ойлор менен таптаза.
Сүйүү сунуп туруп алдык ишенип,
Эрктүү сүйүп жетелешип бакчада.

Ай айланды, ай артынан ай өттү,
Күз дарактын жалбырагын түгөттү.
Кош деп айтып мен аскерге жөнөдүм,
Ата-Журтка арнаймын деп жүрөктү.

Мен ишенем ошон үчүн коштоштум,
Чачың сылап өзүң жакка кол создум.
Сүйөм сени, күткүн мени, келемин,
Болду, болду, кереги жок көп сөздүн.

Жоокер болдум, жонго элдик жүк артып,
Курал кармап ата-энемди кубантып.
Мен жоокердей, сен татыктуу түгөйдөй,
Аралыкта болсок дагы сүйө алдык.

Мен элдикмин, элди коргоор жоокермин,
Сен мендиксиң, ханышамсың оо Перим.
Дем-күч берип, сагындырып жашайсың,
Жүрөгүндө катардагы жоокердин.

***

Түн ичи ойлор менен алпурушуп,
Ал ойлор бир нече сап калтырышып.
Бир ырды бүтүрөм да кумар менен,
Булутту көздөй жөнөйм калкып учуп.

Бир ырдын кумары эх өтө эле көп,
Көңүлдү асмандатат, көкөлөтөт.
Алдымдан чыккандарга сыймык менен,
Ырымды окуп бергим келе берет.
Атуулдук ушул ырым Алыкулдун,
Ашкансыйт чаң ызгытып "Ата-Журтун",
Дүйнөлүк поэзияда демек бул ыр,
Кадыр-барк менен кенен чабак урсун.

Чөнтөктө ыр, булуттарда отурганда,
Ошондо өзгөрүлөт окуям да.
Ал ырды жазганыма бир күн өтпөй,
Булуттан кулап түшөм окуганда.

Көздөрү тардык кылып көп электин,
Электен өткөн ырым көрө элекмин.
Ырларым кечөө жазган бүгүн жакпайт,
Ыраазы ырларыма боло элекмин.

Чана албайм бул жалгандан жашап өтөм,
Жалгандын бар чындыгын талкаласам.
Өмүрдөн өткөнүмө өкүнбөсмүн,
Өлкөм деп өчпөс бир ыр жазып калсам.

## КЫЗМАТЫБЫЗ, МИЛДЕТИБИЗ

"Тарс" үнү автоматтын үндөшүбүз,
Басабыз улуу жолго күндө тегиз.
Мекендин бейпилдигин сактоо деген,
Мына ушул кызматыбыз, милдетибиз.

Кызматтабыз:
Акындар тынч олтуруп ыр жазсын деп,
Курдаштар тынчтык ырын ырдашсын деп.
Коргойбуз карындаштар жеңелерди,
Баатырын барктап айтып сырдашсын деп.

Кызматтабыз:
Кас душман бүлүк салып жүрбөсүн деп,
Кыргыздан жоболоңчу сүрдөсүн деп.
Душмандын гранаты өрттөп кетпей,
Талаа, төр, жайыт жерлер гүлдөсүн деп.

Кызматтабыз:
Жаш балдар жашынмагын ойносун деп,
Кыз-жигит өзөн жээгин бойлосун деп.
Кокустан душман огу үйүн бузбай,
Бөбөктөр үй-жай салып ойносун деп.

Кызматтабыз:
Дыйкандар бейпилдикте эмгектенсин,
Чабандар малын багып күн өткөрсүн.
Ушундай бейпил жашоо арнайм деген,
Жоокерлер Журт алдында милдеттенсин.

"Тарс" үнү автоматтын үндөшүбүз,
Басабыз улуу жолго күндө тегиз,
Мекендин бейпилдигин сактоо деген,
Эбашкы кызматыбыз, милдетибиз.

## АСКЕРДЕГИ ТОЛГОНУУ

Күзөттөмүн түнкү саат эки жарым,
Ой жиберип жылдызды чакырамын.
Апа сизди сагынып жазган ырдын,
Жылдыздарга окуймун жаңы сабын.

Кабар сурайм жылдыздан сиз жөнүндө,
Жылдыз айтат:"тагдырдын сыз жолунда,
Апаң сени түйшөлүп күтүп турат,
А башкасы, калганы иш оңунда"
Көрөм десем асманда жарык жылдыз,
Күзгү болуп көрсөттү анык ал сиз.
Эки эле ай болду го кеткениме,
Эки жылдык өмүргө карыптырсыз.

Абалыңыз көрүп мен эн кейиштүү,
Өз тандоомо жасадым төңкөрүштү.
Апа сизди карытуу эмес максат,
Ак сүтүңүз актоо эле эң биринчи.

Сыймыктанып апа сиз эл коргосом,
Атам экөөң кубанат деп ойлосом.
Бир нече ирмем кубанып алган менен,
Бир нече саат санааңыз жөн койбогон.

Мейли алсын жаштыкты бериңизчи,
Канча жылга картайтсам өзүңүздү.
Аман чыгып алдыңдан кубантайын,
Ошончо жыл жашарып бериңизчи.

Күзөттөмүн түнкү саат эки жарым,
Ой жиберип жылдызды чакырамын.
Апа сизди сагынып жазган ырдын,
Жылдыздарга окуймун жаңы сабын.

## БИЗДИН ЖОЛ

Колдо курал, жондо милдет, жол узак,
Ата-энеге сагынычтуу ой узап.
Басчу жолун басып бүтсө эскилер,
Ар намыстуу жаштар сапка кошулат.

Биз жоокерлер сапка туруп ар таңда,
Ала-Тоону даңктап обон салганда.
Коштоосунда мамлекеттик гимндин,
Кызыл желек көтөрүлөт асманга.

Командирдин буйруктары так, анык,
Роталарга бөлүштүрүп такталып.
Сыймык менен тапшырманы жасайбыз,
Так жана эң туура кылып аткарып.

Эне сүтүн элди коргоп төлөйбүз,
Төлөдүк биз кутулдук да дебейбиз.
Мекеним тынч ошон үчүн ар таңда,
Улуу жолго ырдап алып жөнөйбүз.

Колдо курал, жондо милдет, узун жол,
Биз тандаган эң улуу жол - ушул жол.

## ЖАЛГЫЗ БАК ЖАНА МЕН

Биз жашаган кичи район четинде,
Бак турган жер биз барчубуз кечинде.
Дагы бардым экинчи ирээт кыйналып,
Ак сүйүүдөн азап тарткан кезимде.

Өзөгүм өрт, көөдөнүмдө жалын от,
Сенсиз мага күн өтүүдө таңы жок.
Бүгүн барсам биз жөлөнгөн ошол бак,
Сүйүүбүздөй тургансыды алы жок.

Ал бакта да мениkиндей арман күч,
Жалгыздыкка баш ийген го ал байкуш.

Күздө келгем дагы деле күйүттү,
Айырмабыз жалгыз турат жаз, жай, кыш.

Ээ жалгыз бак күткүн мени күн өтсүн,
А жүрөгүм таза сүйүү түнөтсүн.
Жашым жетип мен күтөйүн үй-бүлө,
Ошондо да сен түбүндө жүрөктүн.

Күндөр өтөөр, турмуш элээр элегин,
Теңинди таап унутаарсың дебегин.
Чырпык алып сенин теңиң болсун деп,
Тигүү үчүн бүлөөм менен келемин.

## ЭРТЕҢИМЕ КАМ...

Өргө жылаар өмүрүм кыйындашып,
Мен кетээрмин бүгүндүн кырын ашып.
Күндөр, айлар зымырап жылдар өтөөр,
Жашоо мага, мен ага сырымды ачып.

Ачыла элек сыйлуу мен кирээр эшик,
Мезгилдер да жеңилбес чиренишип.
Кездер келээр жүк артып моюнума,
Жоопкерчилик желкеме иленишип.

Оо ошондо айласыз калбашыма,
Камын бүгүн көрөйүн бар башыма.
Түйшүк басып кетпесин билим керек,
Тыюу салам эмгектен чарчашыма.

## СҮЙҮҮДӨГҮ КАЛЫСТЫК

Арбап алган акылымды нак сулуу,
Бир болсо дейм мендей жандын тагдыры.
Жоолуктуң да жоболоңду чоң салдың,
Эми өзүң кыла көргүн бактылуу.

Мен багынып жан дүйнөмдү тапшыргам,
Мен жеңилгем, мен баш ийгем, жактыргам.
Ханышам деп чакырамын кел эми,
Сүйүү менен сени күтөм тагдырдан.

Тагдыр деген калыс болот билсе аны,
Азабымды калтырбаймын бир дагы.
Айтам дагы акыйкаттык сураймын,
Сүйдүрдүңбү, сүйүп жаша сен дагы.

## АПАМ

Көптөрдөй апама эрке уйкучумун,
Апакем ойготууда "тур, кучүгүм".
"Ии, апа беш мүнөт" деп сура намын,
Болгону беш мүнөттүк уйкум үчүн.

"Чоңойдуң, сабакка бар, кийимиңди,
даярдап койдум" деген күбүрүңдү.
Укканда жан киргенсип уйкучуга,
Кийинем мээрим сүрткөн кийимимди.

Жүзүм жууп келсем чайын ичтен тилеп,
Чай сунат түшүнгөндөй "ичсеңчи" деп.
Апам ай ошондо да түйшүкчүл ай,
Инимдин кийимдерин издеп жүрөт.

Балдарга мээрим төгүп жаңы турган,
Кызынын өрүп берип чачын ылдам.
Үйдөгү колу тийген буюмдарда,
Мээрими апакемдин жашырылган.

Каадасын кылып берип энелердин,
Уулундун бардыгына тегерендиң.
Ак сүтүң актоо үчүн иш кылбасам,
Анда мен бул дүйнөгө неге келдим?

Наамың бар “Баатыр эне” аттуу болуп,
Багым бар толуктаймын сапты толук.
Апаке сенден туулган үчүндүр мен,
Баратам өз чөйрөмдө барктуу болуп.

Таңдагы мээримиңден бул ийгилик,
Жарышат мезгил менен, уулуң күлүк.
Улуу иш кантип анан жаратпаймын,
Улуу күч, мээримиңден эң бир ыйык.

## ТӨРТ МЕЗГИЛ

Жазды көргөм эс тартканда жаңыдан,
Анан жайдын чилдесине кабылгам.
Күздү көрүп күтүүсүздөн бу башым,
Кышта соккон суук, ызгаарда табылгам.

Турмуш уруп ошол ар бир мезгилде,
Жеңилбегем катар баскам мезгилге.
Кечээ бүткөн азап эртең келээрин,
Он жетимде кайран башым кеч билди ээ.

Ашыгыма жетсем эле бүгүн мен,
Күйүт келбейт, жаз бүтпөйт деп түшүнгөм.
Көрсө жайдын чилдесине жеңилсем,
Күз кыш сынайт, формуласы түзүлгөн.

Азыр далай жашка барган курагым,
Сакмын өтө мезгил үнүн угамын.
Төрт мезгилди даяр күтүп алгыдай,
Азыр бакка жаным теңеп турамын.

## КЕЛЕЧЕК, ЭРТЕҢИМДИ КӨРӨ АЛБАДЫМ

Арбалагам Ааламда жок келбетиңе,
Мас болгом сүйүү сунган шербетиңе.
Кудайлап тобоо кылгам жүрөк толкуп,
Үр кызын жибергендей жер бетине.

Жазгы суу ташкындаган жүрүшүндөй,
Ойлорум оргуштаган сүйүү үчүн ээй.
Ал ойлор дүйнөң билип кайып болду,
Жалбырак күздө бактар күбүшкөндөй.

Келбетиң арбайт жанды баш катыра,
Жараткан жасабаптыр айкаштыра.
Өң келбет үр кызына үндөшсө да,
Оо кургур а жан дүйнөң башка тура.

Сен болдуң ырда калган көп арманым,
Сенекчил сезимдерге көнө албадым.
Келбетиң арбаса да, сенден сулуу,
Келечек, эртеңимди көрө албадым.

## КУРДАШТАРГА

Жан дүйнөмдө туйлаганда муң, арман,
Ошол муңду унуттурган, чыгарган.
Тебеленген сезимдерди сиңирип,
Алсыз жанды аруулукка сугарган.

Көлдүн өзү адамдарга чоң сыйлык,
Батыра алат күйүтүңдү миң жылдык.
Жан азабын көлгө айткан үчүндүр,
«Туздуу келет» деп курдаштар сөз кылдык.

Таарынычтар толгон кезде көөнүмө.
Далай барам сырдашууга өзүңө.
Кубанчымды сага жетсем унутуп,
Жалаң муңум айтам дагы төгүлө.

Нарын облустук
китепканасы
59104 сбо

Эх курдаштар кайрылаарым силерге,
Көлгө келсең муңуң ойлоп түнөрбө.
Сураныччым аткар өзүң ичинден,
Акыйкаттык дайым алып жүрөөргө.

Ийгиликтин бийик тоосун ашкыла,
Ал учурда көл тарапка шашкыла.
Келээр жолу кезиккенде көл менен,
Кубанычтын шоолаларын чачкыла.

## БАКТЫЛУУЛУК ҮНДӨРҮ

Жашыл көйнөк кийинген татына кыз,
Чоң көчөдө жакындап тартылабыз.
Сени менен чоң сүйүү кечким келет,
Ушакчы да эч бир жан талкалагыс.

Башымда оор түйшүк бар жана келген,
Жан боло көр дартыма дабаа берген.
Туруксуздук кыш кетсин жазым болчу,
Ак сүйүүсүн артынан ала келген.
Башымдагы азапты унутайын,
Калемимди сага деп жугузайын.
Сезимиме жөлөк бол асылзатым,
Бактылуулук сөздөрүн угузайын.

Мен бактылуу өтүүмө себеп болчу,
Бактылуулук үндөрүн угузайын.

***

Ханышам, сулуум, жан биргем,
Өзүң бар жарык жан дүйнөм.
Жоолугуп келсең тагдырда,
Жашоомо жарык таң сүргөн.

## СУЛУУГА

Миң самайм бир жылмайып карашыңды,
Дүйнөң бар келбетиңе жарашымдуу.
Арзуунун Ала-Тоосун беттеп барып,
Гүл терип сунсам сага, аласыңбы?

Таппадым ак жүзүңө салыштыруу,
Мүнөзүң Ала-Тоонун нагыз гүлү.
Периште пенде кейпин кийген сага,
Тагдырдан болсо деймин табыштыруу.

Бир болсок бак таалайга таң атабы?
Суктантып бүт Ааламды караталы.
Жүрөктө сезимдердин багын ачып,
Арзуудан аппак сүйүү жараталы...

## АСМАН ӨЛКӨ

Асман өлкө, бийикте асман өлкө,
Тарых кылып татаал жол баскан өлкө.
Бийигинде көрсөткөн айкөлдүктү,
Манас болуп айтылган дастан өлкө.

Мүнөзү бар Айкөлдүк жигиттерде,
Ар-намысы күндөн да бийиктерде.
Күн нурлары – колдору кыргыздардын,
А Күн өзү кыргыздын жүрөгүндө.

Аска-зоолор ак тагы кыргыздардын,
Эркин элбиз желбирейт Туубуз эркин.
Ак булуттар кыргыздын жан дүйнөсү,
А Ысык-Көл пейили кыргыздардын.

Бийиктиги, бийиги кушубуздун,
Ар-намысы, актыгы кызыбыздын.
Дайра, океан күзгүсү каранганга,
А Ай өзү - чырайы кыргыз кыздын.

Көчмөн кыргыз өткөргөн көчмөн турмуш,
Ат үстүндө баатырча өскөн кыргыз.
Ала-Тоонун ак мөңгү суусун ичип,
Мөнгүдөн да бийикте өскөндүрбүз.

Асман өлкө, бийикте асман өлкө,
Тарых кылып татаал жол баскан өлкө.
Бийиктеги көрсөткөн айкөлдүктү,
Манас болуп айтылган дастан өлкө.

**Аргымбаев Бекмамат Кабылович**

# ЧЫЙЫР

*Ырлар*

## ЭНЕКЕМ

Эне, келчи буттарыңды жууйун,
Мээримиңди актасам дейт уулуң.
Мен деп азыр санааларга толгонсуйт;
Мен туулганда толукталган тууруң.

Бердиң мага ыйык аппак сүтүңдү,
Жумшап далай мага бердин күчүңдү.
Бала кезде капарга албас кадырын,
Балаң азыр мезгил өтүп түшүндү.

Мен күчтөнөм сенин асыл жытыңан,
Мээрим алам сенин баалуу кутуңан.
А сен мен деп коротулган жыргалды,
Тапсаң экен небереңдин жытынан.

## ЭЛ-ЖЕРИМ...

Санасак жетпес эсебин,
Карыткан кылым эченин,
Кылымга даңктайм ар качан,
Кыргызстан сүйгөн Мекеним.

Душмандан элин кайтарган,
Катылган жоону майтарган.
Эрлери баатыр жеңилбес,
Эл үчүн арнап жан сайган.

Тоолорум жатат суналган,
Тоолордо кыргыз куралган.
Көз ачпай согуш көрсө да,
Көбөйүп кайра уланган.

Кыргыздар кыраан элдигин,
Тарыхтан ачып көргүнүң.
Кабылан баатыр уулдары,
Кыйшайсак тиреөч белдигиң.

Канчага чыдап кайран жан,
Канжарың өткүр кайралган.
Кылымдар жаша улуу эл,
Кайраты оттой жанданган!

## БИР ТУУГАНЫМА

Башыма мүшкүл түшсө,
Тиреөчүм бел болорум.
Жакшылык-жамандыкта,
Катташып эл болорум.

Ийгилик иштериме,
Кубаттап дем болоорум.
Кокустан ооруп калсам,
Дабалап эм болоорум.

Кандаштар, бир туугандар,
Көөнүңөр булганбасын.
Жараткан ырыс берсе,
Колуңар кур калбасын.

Шаркырап аккан суудай,
Жашоодо шар болгула.
Бир тууган, бир боорлорум,
Ар дайым бар болгула.

## БАЁО КЕЗ

Эсиндеби окуучу кез баягы,
Экзамендин, окуу жылдын аягы.
Ойноп барсаң катуу тийсе керек ээ,
Үйдө күткөн чоң энендин таягы.

Эсте калып аруу кездер тазалык,
Ойлоп көрсөм таттуу экен балалык.
Мен да келгем үйгө шымым тытыла,
Кошунамдын чоң итине таланып.

Биз ойногон ошондогу кечелер,
Биз таптаган, биз сапырган көчөлөр.
Аттиң эсте барбы жогу жаштыктын,
Анда тилдеп урушчу эле эжелер.

Көкүл коюп чачыбызды тарānып,
Бой тартканда күзгүгө улам каранып.
Эстегенде ошол кезди эң баёо,
Эчен жылга калгансыймын жашарып.

## КЕЧИРҮҮ - КЫМБАТ МҮНӨЗ

Жандар барбы бул өмүрдөн өтпөгөн,
Жарык барбы бул ааламдан өчпөгөн.
Же бар бекен түбөлүктүү бак-дарак,
Жашыл болуп өмүр бою көктөгөн.

Жашоо өзү тулку бою жалгандан,
Жакшылар бар жаман жолго жалданган.
Жанкечтини, жакшыны да бүт көрдүм,
Жин-шайтанга азгырылып алданган.

Жаман айтып сынап көрсөм сабырың,
Жаалдантып күйгүзсөм да тамырың.
Жүрөгүңдөн кечиргин деп суранам,
Жакын болуп келе электе кабырым.

## ҮЙЛӨН ДЕШЕТ

Бири түртүп бири болсо тарткылап,
Күйүмдүү бир жубай ал дейт жакшыраак.
Кызыктырып а үйлөнгөн досторум,
Кыялдантып, ойду бөлүп азгырат.

Телефонду кармап калсам баскылап,
Атам мага ой айтууну жактырат.
Үйлөн балам балаң кошо чоңоюп,
Өзүң менен бой жетет деп шаштырат.

Жүрөм күтүп мен да жүрөк чечимин,
Жыйырма экимде үйлөнөйүн дечүмүн.
Жыты да жок алигиче түшүнбөйм,
Үлпөт тоюм, мунуң кандай кечигүүң?

## ЭРКЕ ЖАНЫМ

Эрке жаным сүйүп алсам эрдиңден,
Эс-мас болом эсим таппай демигем.
Эгер сен да сүйсөң менин бетимден,
Эңгиреймин, толкундаймын, эзилем.

Ай-күнүмсүң алдастатып жан сүйгөн,
Арнайм сага ак сүйүүмдү жан дилден.
Ак Мөөрдөн кем калышпаган келбетиң,
Айланам го чырайыңдан жан биргем.

Жаным менин жанга жагат жылмаюуң,
Жарпым жазар жашоодогу жыргалым.
Кубат болуп үй очогун жандырган,
Жашоомо сен болсоң экен жубайым.

## КӨШӨГӨМДҮ ЭЭЛЕЧИ

Суктантып тартып турат эриндериң,
Сүйүүгө чөгүп барат сезимдерим.
Сүрөтүң көрсөм дагы дүйнөм толуп,
Сүйүнүп сүйүп турган кезим менин.

Керилген кыз экенсиң чачың узун,
Керме каш, бакырaң көз, жүзүң сулуу.
Кезинде көзгө урунбай кайда жүрдүң,
Керемет сезим бердиң мага жылуу.

Билбедим кандай кылык-жоругуңду,
Бир сен деп махабаттан оорудумбу.
Бийкечим көшөгөмдү ээлечи сен,
Башыңа салып аппак жоолугуңду.

## КЫЗГАНАМ

Орун таап алдың мендик жүрөктөн,
Ойлор жашайт сени эстетип жүдөткөн.
Асыл ойлуу кыз экенсиң татына,
Аруулукту жүрөгүмө түнөткөн.

Таптазасың, тамшандыраар мүрөксүң,
Таалайыма жазган анык чүрөксүң.
Акылымды байлап алдың азгырып,
Аттиң кантип эми сенсиз күн өтсүн.

Санааларга салдың бирок тынбаган,
Сагынычтан көңүл сыздап, кыйналам.
Ортобузга ысык отту жага албай,
Чоочун менен көрүп калсам кызганам.

## ЖОКЧУЛУК

Күндөр өткөн нанга жетпей башында,
Жокчулукта кедей өстүм жашымда.
Эр жетилдим бай болууга акым бар,
Эй, барчылык болду менден жашынба.

Тагдыр мага бар наныңды жегизбей,
Сынадың көп телегейим тегиздей.
Сынып калбай ал мезгилден өттүм бейм,
Эл оозуна жарды жакыр дегизбей.

Азбы-көппү ырыскы үчүн жүгүрдүк,
Азыр болсо каниеттик, шүгүрлүк.
Жаратканга миң мертебе ырахмат,
Жок дегенде тамагым бар күнүмдүк.

***

Сен деп жүрүп көп убактым короттум,
Сезим кыйнап, көкүрөктө толот муң.
Капысынан айтайын деп арзуумду,
Бүгүн минтип кыялдарым жоготтум.

Максатсыз деп мамилени токтоттуң,
Маанайым суз, аргасыздан коштоштум.
А чынында сүйүү эле максатым,
А мен болсо каалооң үчүн достоштум.

Сен карындаш, а мен болсо байкеңмин,
Сезимимди баалабаган жан сенсиң.
Сүйүп бирок сүйгөнүнө жетпеген,
Махабатка тургузулган айкелмин.

## СЕНИ СҮЙГӨН САРЫ ЖИГИТ

Сулуу жүзүң муңкантып көңүлүмдү,
Бир саамга узарткансыйт өмүрүмдү.
Саргайып сагынуудан самап жүрөт,
Сары жигит жаңы бышкан өрүгүңдү.

Чочуба маңдайында көзү бүтүк,
Жылмайып карап турат сени сүйүп.
Өңү серт болсо дагы көөнү жарык,
Ошол мен сени сүйгөн сары жигит.

Делдейип турган эки кулагыма,
Сын айтып маскаралап, көңүл бурба!
Жупуну болсо дагы сыртым сага,
Чынында сени сүйгөн жүрөк таза.

## КОШ БОЛ...

Мен ал кызга керексиздей, эч кимдей,
Койду мени кадырына теңсинбей.
Чалсам албайт сүйүүм арнай тургансып,
Антсе дагы койдум такыр кемсинбей.

Жулкунасың бир нерсени билгендей,
Жара болду ал кылыгың эскирбей.
Жүрөгүңдөн мени өчүрүп койдуңбу?
Бууп алгандай сезимимди, эркимди эй.

Кеч түшүнүп жыйганымда эсимди эй,
Сезилди да сүйүшкөнгө кеч күндөй.
Көңүлүңдүн муздаганын байкабай,
Жүрүптүрмүн сүйбөөрүңдү түшүнбөй.

Кош бол эми, кош деп айтам аргасыз,
Көрүп жүргөм кызганычтан пайдасыз.
Ак сүйүүмдү аргасыздан кечтим мен,
Бүгүнтөн сиз сүйүүм эмес башкасыз.

Кош бол менин пайдасы жок сүйгөнүм,
Кош деп айтам пайдасы жок жүрбөгүн.
Кыйнабаймын, кыстабаймын сүйгүн деп,
Сен да мени калп жүрөктөн сүйбөгүн.

## ЭСКЕРТМЕ...

"Көңүл сынып арманым толду" - дейсиң,
"Көңүл калды жашабайм, болду" - дейсиң.
"Той болбогон куну жок бул жалганга,
Тойдум болду жашабайм, койчу" - дейсиң.

Оорутту деп жанымды арман дүйнө,
Соолутту деп көз жашты жалган дүйнө.
Ойлоносуң өмүрдү кыюуну да,
Оор турмушка жаңыдан бышкан күндө.

Кейип улам суз болуп шаабайың да,
Кээ күнүндө түшүүдө маанайың да.
Капаланып чөккөн да учур болот,
Кар жаадырып андайда кабагыңда.

Жалгандардын сынына чөкпөш керек,
Жакшылыкта бой керип көппөш керек.
Пендесиң сен өмүргө конок болгон,
Пейилдерди тебелеп өтпөш керек!

## АКЫН БОЛОМ

Акын болом элдин алып батасын,
Ар кыл ырым эл ичинде жашасын!
Корком бирок милдетимден кээ бирде,
Кор кылдым деп сөздүн улуу атасын.

Мойнума алам ырым ырга окшошпойт,
Кээ ырларым үмүттөргө от кошпойт...
Кээ ырларым туурга конгон кушумдай,
Кээ ырларым көмөлөнөт, токтошпойт…

Ырлар менин дем берүүчү сүрөөнүм,
Ырлар менин тагдырым деп билемин…
Адабият – аттай турчу астанам,
Акын болуу - менин улуу тилегим…

***

Кер маралдай керилип бассаң анда,
Керемет жан сезилип алда канча.
Кезиккенде кээ бирде көз ымдашып,
Койчу элек байкашсак анда санда.

Көп жигиттер өзүңө ашыгышып,
Көкүрөктү көтөрчү шашылышып.
А көптөрү сыртыңдан кызганышып,
А көптөрү сүйлөшчү жашырынып.

Байкабай болуптурмун мен да ашык,
Баарынан мени тандап жиберчүдөй.
Баёолук сезим менен сүйүп калып,
Кездешүүң күтүп жүрөм тилемчидей.

## ЫСЫК-КӨЛ

Бейиши болгон жердеги,
Керемет тоолуу жергеси.
Ысык-Көл деген көлүм бар,
Кыргыздын жүзү, бермети.

Ааламдын бейиш өргөсү,
Анык да жоктур теңдеши.
Ажары анын башкача,
Ак куулар сүзгөн көл бети.

Жазылып куунап көңүлдөр,
Кызыктуу өтсүн өмүрлөр.
Жүрөктү эзип толкуткан,
Керемет көлүм Ысык-Көл!

## БАЛАЛЫК

Эселек балалыгым бойтоңдогон,
Макташса мойнум созуп койкоңдогом.
Ал учур кандай сонун убакыттар,
Ата-эне тилин албай кечке ойногон.

Ой жок да, кечке оюн балдар менен,
Бактылуу күлкү чыгат ичтен кенен.
Чаңга оонап, кийимибиз ылай болуп,
Турмушту ойлонбогон кезим экен.

Жаш кезде бой жетүүнү самачумун,
Чоңдорду көп суктанып карачумун.
Чоноюп бойго жетсем батыраак деп,
Ар бир күн, мүнөтүмдү саначумун.

Азыр мен ойлоп өткөн балалыкты,
Ажыраттым ак менен кара нукту.
Ата-эне берген акыл, тарбиядан,
Ондоп улам кетирген каталыкты.

## АЙЫЛЫМ

"Өзгөрүшүм" керемет бар койнунда,
«Коңур-Өйүз» суусу агат боюнда.
Кирип барсам сагынганда айлыма,
Тал-тереги салам айтат жолунда.

Айылымды четтен тоолор курчаган,
Коргоочудай кылычынан душмандын.
Киндик каным тамган жерим, турагым,
Алыс кетсем таза абаңа куштармын.

Ырларымды сага арнап келемин,
Мээримиң бар мээриминдей энемин.
Таалайым деп мактасам да бир өмүр,
Татыктуу бир болбой жүрөт эгерим.

## КӨЗДӨРҮҢ...

Татына мончок көздөрүн,
Кадалат улам көзүмө.
Уялып ала качасың,
Тигилип койсом өзүңө.

Кара көз сулуу татына,
Суктанам иймек кашыңа.
Өрүлүп узун суналган,
Байландым кара чачыңа.

Жүзүңдү күлкү каптаса,
Сезимим сен дейт таптаза.
Жылмайып эле койсоң бир,
Жүрөгүм согот башкача.

## ШҮГҮР КЫЛАМ

Шүгүр кыл алты саның аманыңа,
Шүгүр кыл бүт жетишкен заманыңа.
Шүгүр кыл бир тууганың, ата-энеңе,
Шүгүр кыл ар бир баскан кадамыңа.

Миң ирээт ыраазымын Жаратканга,
Түз жолдон мүдүрүлбөй баратканга.
Ата-энем, бир тууган бар жандап жүргөн,
Кейисем арманымды таратканга.

Жолдо олтуруп кайыр сурап жашагандар,
Жокчулук жанын кыйнап жашаган бар,
Кантсе да адам заты баары бирдей,
«Кайырчы, кедейлер» деп аталгандар.

Шүгүр кыл күн нурларын чачканына,
Шүгүр кыл жер бетине басканыңа.
Кээ бирде бул жашоонун өзгөрүлгөн,
Шүгүр кыл бороонуна, аптабына.

***

А мен сени күндө ойлонуп убара,
А сен такыр сезимимди билбейсин.
Сен бар үчүн өмүр сүрөм кубана,
А сен мендей аныгында сүйбөйсүң.

Сүйүү мени тээ төмөнгө таштаптыр,
Сүйүү мага каршы үгүтүн баштаптыр.
Сүйүп бирок жетпүү жомок мен үчүн,
Сүйүү мага бак эшиги\н ачпаптыр…

## МАЗМУНУ

**Аблабеков Кадырбек Керимбекович**

**АСКЕРДЕГИ ТОЛГОНУУ**

Жаратканым, кожоюнум жалгыз мени башкарган ........................ 3
Жүрчү перим ........................................................................ 4
Кат........................................................................................ 5
Сүрөт .................................................................................... 6
Коштошуу ............................................................................. 7
Сагыныч ............................................................................... 7
Кечирчи ................................................................................ 8
Сүйүү баяны .......................................................................... 9
Кызматыбыз, милдетибиз ..................................................... 11
Аскердеги толгонуу .............................................................. 12
Биздин жол .......................................................................... 13
Жалгыз бак жана мен ............................................................ 13
Эртеңиме кам… .................................................................... 14
Сүйүүдөгү калыстык ............................................................. 14
Апам..................................................................................... 15
Төрт мезгил .......................................................................... 16
Келечек, эртеңимди көрө албадым ........................................ 17
Курдаштарга......................................................................... 17
Бактылуулук үндөрү ............................................................. 18
Сулууга................................................................................. 19
Асман өлкө ........................................................................... 19

**Аргымбаев Бекмамат Кабылович**

**ЧЫЙЫР**

Энекем ................................................................................. 21
Эл-жерим… .......................................................................... 21

Бир тууганыма ........ 22
Баёо кез........ 23
Кечирүү - кымбат мүнөз........ 23
Үйлөн дешет........ 24
Эрке жаным........ 24
Көшөгөмдү ээлечи........ 25
Кызганам ........ 25
Жокчулук........ 26
Сени сүйгөн сары жигит ........ 27
Кош бол… ........ 28
Эскертме…........ 29
Акын болом........ 30
Ысык-Көл ........ 31
Балалык ........ 31
Айылым ........ 32
Көздөрүң…........ 32
Шүгүр кылам........ 33

Адабий-көркөм басылма

**Бекмамат Аргымбаев**
**Кадырбек Аблабеков**

# АСКЕРДЕГИ ТОЛГОНУУ
# ЧЫЙЫР
Ырлар

*Редактору:* С. Кубатова

*Чыгышына жооптуу:* Н. Рымбекова

*Компьютердик калыпка салган:* Ж. Курмушуева

Мукабаны көркөмдөөдө
ишинен фрагмент колдонулду

Китеп Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду
тарабынан басууга сунушталды

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу
Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик
кызматынын Көчүрүү-көбөйтүү бюросунда басылып чыгарылды

Басууга кол коюлду: 27.10.2018 Формат: 60x90/16
Эсептик-басма табак: 2,8 Тапшырык № 793
Нускасы: 150

**Редакциянын дареги:** 720021, Бишкек ш., Москва көч., 62,
Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик
жана инновациялар мамлекеттик кызматы
Тел.: 68-08-19, 68-16-98, 68-16-10